“Бекитемин”
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз- Өзбек
Эл аралык Университетинин
илимий иштер боюнча проректору
тех.и.д., проф. Исманов М.М.
_______________
“27“ 03 2024-жыл

**Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетннин Тарых - филология факультетиин “Тарых жана философия” кафедрасынын 2024-жылдын 26-мартында өткөрүлгөн (протокол №8) кеңейтилген жыйынынын**

## КӨЧҮРМӨСҮ

**Катышкандар:** А. А. Асанканов - т.и.д., профессор (07.00.07), академик КРдин УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун директору; А.Р.Бикбулатова - т.и.д., доцент (07.00.07) Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин профессору; А.Р. Джоошбекова - т.и.д., профессор, (07.00.07) И. Арабаев атындагы мамлекеттик университетинин “Кыргызстандын тарыхы жана этнология” кафедрасынын башчысы; Б. А.Нурунбетов - т.и.д., профессор (02.00.07), Т. Өмүрзакова - т.и.д., профессор, (02.00.07) КР УИАнын түштүк филиалынын тарых бөлүмүнүн директору; А.Т.Балтабаева-ф.и.д., профессор (09.00.11), Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнин эл аралык иштер боюнча проректору; Ж.А.Адилбаев - т.и.к., доцент, (02.00.07) ОшМУ; М.Ш. Султанова - т.и.к., доцент (02.00.07) ОшМУ; А.Б.Дүйшөнбаева- т.и.к., доцент (02.00.07), ОшМУ; Н.К.Маразыков - т.и.к., доцент (07.00.07), ОшМУ; А.Мырзакметов - т.и.к, доцент, (07.00.07) ОшМУ; А.К.Апышева - т.и.к., доцент, (02.00.07) ОшМУ; С.А.Арстанов - т.и.к., доцент, (02.00.07) “Тарых жана социалдык иштер факультетинин деканы; ОшМУ С.К. Осмонова-т.и.к., доцент, (07.00.07) ОшМУ; Г.Э. Чыныкеева- т.и.к., доцент, (07.00.07) ОшМУ; Т.М.Шаанов - т.и.к., доцент, (02.00.07) ОшМУ; М.М. Ташалиева - т.и.к., (07.00.07) ага окутуучу, “Тарых жана философия” кафедрасынын башчысы; Ш.Б. Ташкулова- ф.и.к., м.а. доцент, (09.00.11) «Тарых жана философия» кафедрасы, Г.А. Ахмедова - ага окутуучу, «Тарых жана философия» кафедрасы; Г.А.Сариева - ага окутуучу, «Тарых жана философия» кафедрасы; Р.Т. Умарова- окутуучу «Тарых жана философия» кафедрасы; Н.К. Адышева- ага окутуучу, «Тарых жана философия» кафедрасы; М. Э.

Сабиров- окутуучу, «Тарых жана философия» кафедрасынын; А.Ш. Айдарова - катчы.

*Күн тартибинде*:

**Ч.Т. Сатыбалдиеванын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к.аягы – XX к. башы) “-** деген темадагы 07.00.07-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясыны кол жазмасын талкулоо.

**Илимий консультанты -** тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИА сынын академиги А. Асанканов.

**Жыйындын төрайымы, “Тарых жана философия” кафедрасынын башчысы, т.и.к., ага окут. М.М.Ташалиева**: Урматттуу кеңейтилген отурумдун катышуучулары бүгүнкү отурумда Ош мамлекеттик Университетин, Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын доценти Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаева өзүнүн илимий ишин жыйынтыктап, сиздерге талкууга койду. Диссертациянын кол жазмасын адистер жана кафедранын мүчөлөрү окуп, таанышып чыктыңыздар.

Илимий иштин кол жазмасын талкуулоого Кыргыз Республикасынын илимдер Академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун, Ж.Баласагын атындагы Улуттук Университетинин, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик Университетинен, КРУИАнын Түштүк аймагындагы Илимдер академиясысынын филиалынан, Ош мамлекеттик Университетинин “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасынын окумуштуулары өздөрүнүн ой-пикирлерин билдирүү үчүн келип олтурушат. Анда эмесе күн тартиби боюнча кандай ой пикирлер болсо угалы, эгерде башка сунуштар жок болсо, анда бүгүнку отурумда коюлган маселени талкууну баштайлы. Иштин жүрүшүндө айтылган ар бир окумуштуунун сунуштары, пикирлери илимий эмгектин жакшырышына өбөлгө түзөт.

Процедурага ылайык, диссертациялык жумушту баяндоо үчүн сөз изденичүүгө берилет. Чыныхан Топчубаевна сизге регламент боюнча 15 мүнөт берилет. Сизге берилген убакыттын ичинде баяндаманызды жыйынтыктоого аракет кылыныз.

**Сатыбалдиева Ч.Т.:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар!

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргыз элинде салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү материалдык жана руханий мурастардын бири болуп, кыргыздардын маданий-чарбалык жана социалдык байланыштары, алардын

материалдык жана руханий дүйнөсү жөнүндө маалымат берген баалуу тарыхый-этнографиялык булак катары терең мааниге ээ. Учурда салттуу маданиятты сактоо жана жандандыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2022-жылдын 30-августунда кабыл алынган № 303 указына ылайык 2022-жылдан тарта 2027-жылдардын аралыгында улуттук нарк-насилдерин сактоо жана өнүктүрүү боюнча программасына ылайык бир топ алгылыктуу иштер алып барылууда. Мында салттуу материалдык маданияттын тарыхын кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу изилдөөгө алынып, алар менен кошо улуттук баалуулуктар жандандырылып жатат.

Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү ушул убакка чейин атайын илимий изилдөөнүн предмети болгон эмес. Ошол эле учурда этнография илиминде жана искусство тарыхында кыргыздарда килем токуу жүрүмүндөгү көркөм-кооздук үлгүлөрү болгон килем көчөттөрүнүн семиотикалык эволюциясы дээрлик изилденбеген.

Изилдөө учурундагы этнологиялык жана талаа материалдары, музей коллекциялары кыргыз элинин килем токуу өнөрүнүн көркөм салттарынын калыптанышын жана өнүгүшүн комплекстүү изилдөөгө мүмкүндүк берет: мында жүн сырьёсун иштетүү жана салттуу килем токуу ыкмасын көп кылымдык элдик билимдери жана тажрыйбанын жардамы менен ишке ашыруу багыттары, кыргыздардын социалдык-маданий байланыштарын, алардын килем көчөттөрүндө чагылдырылган дүйнө таанымы жана эстетикалык баалуулуктарын, кыргыз элиндеги үй-бүлөнүн салттуу турмуш-тиричилигиндеги килем буюмдарынын маанисин, токулган салттуу килемдердин функционалдык өзгөчөлүктөрү каралат.

Коомчулукта салттуу килем токуучулук өнөрүн, негизинен дыйканчылык менен алектенген, отурукташкан элдер аркалаган деген көз караш болуп келген. Биздин ар тараптан жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрүбүз салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү көчмөн жана жарым көчмөн элдерге да таандык экендигин далилдеп жатат. Кыргыз элинин салттуу килем токуу өнөрү тарыхый-этнографиялык, антропологиялык, археологиялык, маданият таануучулук жана фольклордук жактан илимий изилдөөгө алынып, актуалдуу экендиги тастыкталды.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар жана изилдөө иштери менен байланышы:** Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн илимий изилдөөсү жеке демилгеси менен өз алдынча ишке ашырылды.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстүү изилдөө.

**Максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер коюлду:**

-XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын изилдөө жана килем токуу өнөрүнүн өнүгүшү боюнча тарыхнаамалык иликтөөлөрдү көрсөтүү;

- Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий- теориялык жана методологиялык негиздерин аныктоо;

-кыргыздардын салттуу килеминин негизги каражаттарын жүн сырёсун (койдун, эчкинин, төөнүн) жана андан жасалган жиптердин түрлөрүн килем токууга даярдоо, алардын боёо ыкмаларын ачып берүү жана килем буюмдарынын токуу куралдарынын даярдалышын изилдөө;

-оюм-чийимдердин, символдордун жана белгилердин семантикасын ачуу, килем композициясында алардын пайда болуу жана бекемделишинин себептерин ачып берүү;

-салттуу килем токуу өнөрүн сактоо, өнүктүрүү жана аны социалдык-маданий чөйрөдө ишке ашыруу үчүн килем токуунун сакталып калуу маселесин ачып берүү;

- кыргыздардын килем токуу жүрүмүнүн (процесси) жана токуунун салттуу ыкмаларын изилдөө;

-кыргыздардын салттуу килемдерине түшүрүлгөн көчөттөрүндөгү (орнаменттериндеги), аларды курчап турган чөйрөнүн чагылдырылышын аныктоо менен бирге табынуучулук маанисин ачып берүү;

-килем токуу жүрүмүнө байланышкан кыргыздардын каада-салттарын, үрп-адаттарын жана ырым-жырымдарын ачып көрсөтүү;

- салттуу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн пайдалануу чөйрөсүн көрсөтүү менен азыркы этапта кыргыз килем токуу өнөрүнүн өнүгүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргызстандагы этнология илиминде алгачкы жолу кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү изилдөөнүн объектиси катары каралат:

- кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгү экспедициялык талаа материалдардын, музейдеги килем жана килем буюмдары жана аларга байланыштуу болгон экспонаттардын, көркөм эпикалык чыгармалардын жана тарыхый-этнографиялык адабияттардагы маалыматтардын негизинде комплекстүү изилдөөгө алынды;

- кыргыздардагы салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхын изилдеп, анын жергиликтүү кол өнөрчүлүгү экендиги далилденди. Кыргыздар өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон айрымаланган

салттуу килемди токушкан жана турмуш тиричилигинде пайдалангандыгы аныкталды.

- салттуу коомдо салттуу килемдин негизи болгон койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрүнүн даярдалышы, жиптердин ийрилиши жана боёлушу, алардын килемге ылайыктоо өзгөчөлүктөрү алгачкы жолу иликтенди;

- алгачкы жолу салттуу килем жана килем буюмдарынын токуу куралдарын даярдоо жана чеберчилигинин жүрүмү каралды. Ушул күнго чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү колдонулган куралдары болгон ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрү жана жасоо ыкмалары көрсөтүлдү;

- салттуу килем жана килем буюмдарын токуу үчүн керектелүүчү жиптердин түрлөрү жана килем жасалуучу дүкөндү килем токууга даярдоо жүрүмү реконструкцияланып (кайра жасалып) киргизилди;

- алгачкы жолу килем үчүн даярдалган жиптерди боёо үчүн табигый өсүмдүктөрдөн боёкторду алуу жана анын түрлөрүнүн даярдалышы, жүндү боёо ыкмалары көрсөтүлдү;

- кыргыздардын тиричилигинде кездешкен килемдин дагы бир формасы болгон араби килеми кыздарга турмушка узатып жатканда кошумча сеп катары берилип, анын кеңири таралуу себеби аныкталды;

- кыргыздарда килем токуу өнөрү маданий жана маданий-чарбалык турмушу менен кошо алардын салттуу коомдон ажырагыс тутумунун бир бөлүгү катары экендиги аныкталды;

- килемди токуу жүрүмүндөгү көрүнүштөр, андагы бай оюм-чийимдер кошуна жашаган башка түрк элдери менен болгон этногенетикалык жана тарыхый-маданий байланыштары бар экендиги такталды;

-кыргыздардын килем токуу өнөрүн изилдөө жүрүмүндө алардын байыркы архаикалык орнаменталдык белгилери аныкталып, салттуу килемдин орнаменттеринин семантикалык жана семиотикалык маңыздары алгачкы жолу изилденүүгө алынды;

- кыргыздардагы килем токуу жүрүмүндөгү пайда болгон, калыптанган жана ушул күнгө чейин жеткен айрым каада-салттар жана ырым-жырымдар изилденди.

-кыргыз үй-бүлөсүнүн салттуу үй турмушунда салттуу килем токуучулуктун ролу, көп кылымдык этномаданий байланыштар жана коңшу элдердин килем токуу өнөрүндөгү көркөм салттарынын өз ара таасири боюнча изилдөө жүргүзүлгөн;

-кыргыздардын башка элдерден айрымаланган жарым-көчмөн жашоодогу килем жана килем буюмдарынын түрлөрүнүн тажрыйбалык мааниси, колдонулган чөйрөсү көрсөтүлдү;

-кыз балдарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн элдик өзгөчөлүктөрү аныкталды жана изилденди;

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.**

- килем токуу салты, андагы колдонулган негизги сырьёлор жана орнаменттер (оймо-чиймелер) кыргыздардын негизги чарбасынын маданий түрү мал чарбачылык, ал эми дыйканчылык менен алектенүү ага кошумча чарба экендигин далилдейт. Килем токуу жүрүмү жана токуу ыкмаларынын өзгөчөлүктөрүнүн негизинде килем токуу кыргыздардын өздөрүндө пайда болгон жана өсүп-өнүккөн өзгөчөлүктөрү менен башка элдердин килемдеринен айрымаланат. Мал чарба продукциясынын өндүрүлүшү (жүн), күндөлүк жашоо-турмуш, кошуна элдер менен ар кандай байланыштары кыргыздардын өзүнө гана таандык килем токуу салтын пайда кылган;

-иштин практикалык мааниси биринчи кезекте тарых, маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу изилдөө иштерин жазууда колдонула турган фактылык материалдардын бири болуп саналат. Маданият илимпоздорунун, археологдордун, этнографтардын жана тарыхчылардын изилдөө практикасында маанилүү жардамчы боло алат. Изилдөөнүн натыйжаларын килем токуу чеберлеринин практикалык иш-аракеттеринде колдонсо болот;

-университеттер, илимий мекемелер үчүн колдонмолорду иштеп чыгуу, маданияттын тарыхы эле эмес этнология, Кыргыз этнографиясы, Кыргызстан тарыхы, Кыргыз элинин материалдык маданиятынын тарыхы предметтери үчүн окуу-методикалык колдонмо курал хрестоматияларды жазуу үчүн пайдалуу. Кыргыз килем музейин уюштуруу, арт-студияларды уюштурууга, туристтер үчүн салттуу кол өнөрчүлүк очокторун, картасы жана сүрөттөрү менен туристтик-маршрут буклеттерди жасоодо, интерактивдүү көргөзмөлөрдү уюштурууга (окуучулар, туристтер, кызыгуучулар үчүн), жергиликтүү мамлекеттик органдарга, эл аралык уюмдарга бизнес-инкубаторлорду түзүүгө негиз боло ала турган колдонмолорду түзүүгө пайдалуу болот.

**Коргоого төмөнкү жоболор коюлат:**

•XIX кылымдын аягы жана – XX кылымдын башындагы салттуу кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүн өз алдынча материалдык маданияттын бир бөлүгү катары калыптанышын изилдөө жана килем токуу өнөрүнүн өнүгүшү боюнча тарыхнаамалык иликтөөлөр жүргүзүлдү;

•Кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн иштин илимий- теориялык жана методологиялык негиздерин аныкталды;

•Токулган килемдин негизин койдун, эчкинин жүнү жана төөнүн булалары түзгөн жана алардан чеберчилик менен жип, түк, түр, эриш, аркак,

жоропторду  ийришкен. Аларды жаратылыштан алынган ар түркүн табигый боёк берүүчү өсүмдүктөрдүн жардамы менен керектүү түстөргө боёп алууну билишкен. Кыргыздар боёктордун ичинен көбүнчө кызыл жана жашыл түстөргө басым жасашкан. Анткени кызыл түс жылуулукту, ал эми жашыл түс жашоону жана тирүүчүлүктү  туюндурган. Аларды даярдоо, боёо жана колдонуу ыкмалары кыргыздардын көчмөн жашоосуна ыңгайлаштырылган;

•Килем токууда колдонулган эмгек куралдардын жасалуу материалдары, алардын колдонуу техникасы кыргыздын кол өнөрчүлүгүнүн бай экендигин көрсөтөт. Килем токуу үчүн эмгек куралдарын негизинен үй шартында эле үй ээлери өздөрү даярдашкан, айрым гана учурларда усталарга буйрутма берип жасатышкан;

•Салттуу килемдерди даярдоо ыкмаларын улуу муундагы аялдар кийинки муундарга салт катары өткөрүп берип, килем жасоо жараяны аркылуу кыздардын жана келиндердин коомго социалдашуусуна өбөлгө түзгөн. Килем токуу өнөрү ууз-чеберден биринен экинчисине, ал эми килемдин өзү муундан-муунга өтүп, өзгөчө үй-бүлөлүк, уруулук жана элдик баалуулуктардын бири катары эсептелинет;

•Килем жана килем буюмдарын даярдоодо токуу жүрүмүнүн татаалдыгы, каражаттардын кымбаттыгы жана танкыстыгы, акыл жана күч эмгегинин айкалышуусун талап кылынганы килем жасоо мүшкүлдүү иш экенин далилдейт;

•Килемдерди жасалгалоо салттарынын жана көчөттөрүндөгү  көптөгөн көркөм- кооз купуя белгилердин пайда болушу байыркы табынууларга жана ишенимдерге негизделген жалпы булактан келип чыккан. Алардын кооздугу, жалпы көрүнүшү жана жасалгасындагы өзгөчөлүктөрү кыргыздардын чарбалык жана маданий жашоо мүнөзү менен тыгыз байланышта болгон;

•Килемдерди жасалгалоодо кыргыздардын ишенимдери жана табынуулары айрым бир белгилер түрүндө чагылдырылган. Килемдерди жасалгалоонун тартиби буюмдун формасына, максатына жана аткарган кызматына жараша ар кандай болгон;

•Килем токуу жүрүмү кыргыздардын өзүнө тиешелүү салт-санаалар, ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр менен коштолуп турган. Килем токуу жүрүмү бул жөн гана килем буюмун даярдоо жүрүмү  болгон эмес. Бул мезгил кыздар салт-санааны кийинки муундарга эмгек жолу менен берилиши, жаш кыздардын коомго даярдоо, социалдаштыруу жүрүмү болуп эсептелген;

•Кыргыз элинин жашоо тиричилги, үй эмеректери алардын диний ишенимдерине, каада-салттарына жана үрп-адаттарына байланыштуу жүргүзүлүп, килем токуу техникасын колодонуу менен жасалган буюмдар

сакралдык мааниге ээ, бирок ошол эле учурда тажрыйбалык маанисин ушул күнгө дейре жогото элек.

**Диссертанттын жеке салымы:**

Бул илимий иште автор алгачкы жолу Кыргыз Республикасынын аймактарында болуп, жүндү, жипти, боёо жүрүмүн, токуу жүрүмүн өз көзү менен көрүп, токуучулук өнорүн кенири анализдеди. Андан тышкары жана Өзбекстандын Хива шаарына, Таджикстандын Хожент шаарына, Казакстандын Астана, Россиянын Москва жана Санкт-Петербург шаарларындагы 2011-2023-жылдарында топтолгон этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн материалдарынын негизинде жазылган.

Ош жана Баткен облустарындагы талаа экспедицияларынын мезгилинде топтогон этнографиялык талаа материалдарынын негизинде материалдык маданияттын бир бөлүгү болгон килем токуу салтынын тиешелүү көрүнүштөрүнө изилдөө жүргүздү.

Изилдөөчү тарабынан бир катар төмөнкү жаңы этнографиялык материалдар илим чөйрөсүнө алгачкы жолу киргизилди;

- кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү килемдери, анын негизги сырьёлорун, токуу ыкмаларындагы жана куралдарын даярдоо өзгөчөлүктөрү болгонун далилдеди;
- кыргыздардын килем токуу жүрүмү учурунда салттуу коомго аялдардын социалдашуу жүрүмүнө, айрыкча кыз балдардын ар тараптан тарбияланышына бойго жетишине, өзүнчө турмуш куруугa даяр болушуна белгилүү даражадагы таасири аныкталды;
- токуучулуктун өнүгүү кыймылынын денгээлин көрсөтүү менен Борбордук Азия элдеринин кол өнөрчүлүгү менен килем буюмдарынын ар кандай түрлөрү жана формалары менен кыргыздын салттуу килем токуусу, башка колдонмо искусство түрлөрү сыяктуу эле, этногенетикалык жана этномаданий байланыштарды аныкталды;
- килемдерди жана аларга байланышкан каада-салттардын семиотикалык талдоо жүргүзүлүп, элдик көркөм чыгармачылыктын сырткы курчап турган дүйнө менен байланыштарынын тутумундагы көп кырдуу кубулуш (феномен) катары көрсөтүлдү;
- Кыргызстандагы жана Борбордук Азия килем көчөттөрүнө салыштырмалуу-семантикалык анализ жүргүзүүнүн натыйжасында алардын окшоштугу жана айырмачылыктары аныкталып, килем буюмдарынын декоративдик тутумунун калыптанышынын негизги мезгилдик алкактары көрсөтүлдү.

**Иштин апробацияланышы:** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана илимий тезистер, макалалар катары ата мекендик жана чет

өлкөлүк басылмаларда жалпысынан 25 макала, анын ичинде РИНЦ системасында кирген 10, Web of Science системасына кирген 2 илимий макала жарыяланды. Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар диссертациялык изилдөөлөрдүн айрым бөлүмдөрү илимий жыйын, илимий конференцияларда апробацияланды. Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин тарых жана филология факультетинде бириктирилген отурумунда талкууланды.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы** XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башын камтыйт.

**Географиялык алкагы:** Кыргызстандын түштүк аймагы – Ош жана Баткен облустары тандалып алынды. Кыргызстандын дал ушул облустарынын аймактарында килем токуу кол өнөрчүлүгү пайда болуп, башка жактарга да кенири жайылып, ушул күнгө чейин салттуу килем жана килем буюмдарын токуу ыкмалары сакталып турат.

**Диссертациялык иштин көлөмү жана структурасы:** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, беш главадан, он жети параграфтан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

Урматтуу коллегалар атайын убакыт бөлүп, илимий ишти карап жана жыйынга келгениңиздер үчүн терең ыраазычылык билдиремин. Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат!

**М.М.Ташалиева:** Чыныхан Топчубаевнанын баяндамасы аягына жетти. Изденүүчүгө сурооңуздар болсо берсениздер бөлот.

**Суроо жооптор:**

**Проф. Т.Ө. Омүрзакова:** Чыныхан Топчубаевна Борбордук Азиядагы жашаган элдердин жана кыргыз элиндеги килемдеринин пайда болушунун себептери, килем токуунун башаты кандай деп ойлойсуз?

**Ч.Т. Сатыбалдиева:** Кыргыздардын жашаган аймагынын жаратылыштык жана климаттык шартына ылайык көчмөн жана жарым көчмөн жашоо образы, чарбасынын формасы алардын маданиятын аныктап берет. Турмуштук муктаждыктан улам килем жана килем техникасы менен жасалган буюмдардын утилитардык мааниси артып, кыргыз аялдарынын коомдогу ролу эмгектин бөлүнүшү менен жогорулай берген.

**Доц. Ж.А.Адилбаев:** Сизди илимий ишиниздин мезгилдик алкагы XIX к.аягы – XX к. башы деп белгиленишин себеби эмнеде?

**Ч.Т.Сатыбалдиева:** Бул мезгилдин алкактарында кыргыздарда салттуу маданияты сакталып турган. Ошондуктан ушул кездеги салтттуу килем токуу үчүн даярдалган жүндүн түрлөрү, жиптерди боёо жана токуу ыкмалары

сакталып бизге кошумча тарыхый-этнографиялык маалымат булактары катары каралат.

**Проф. А.Р.Бибулатова:** Бешинчи Пазырык көрүстөнүнөн табылган килемдин канчалык деңгээлде кыргыздарга тиешелүү деп ойллойсуз?

**Ч.Т. Сатыбалдиева:** Пазырыктан табылган килем түздөн-түз кыргыздардыкы деп айтуу туура эмес деп эсептейбиз, бирок бул килемдин кээ бир белгилери кыргыздардын салттуу килемдерине шайкеш келгендигин диссертациялык ишибизде белгилеп кеткенбиз.

**Проф. А. Дж.Джоошбекова:** Окмуштуу В.Г.Мошкова этнографиялык экпедиция учурунда Ош шаарына жана Жапалак айылына келип жана ал жерден маалыматтарды алган деп жазыпсыз. Килемди негизинен ичкилик кыргыздары токуган болсо, бул жерлерде ичкилик кыргыздары бар беле?

**Ч.Т. Сатыбалдиева:** В.Г.Мошкова өзүнүн эмгегинде Кыргызстандын Ош аймагына келгенин ал эми калган жактарга экспедициянын жетип бара албаганын, бирок алар жөнүндө өзүнө чейин изилдеген илимий-тарыхый маалыматтардан алгандыгын айтат. Ош аймагында килем токуу ичкилик урууларынын таасири менен таркалган. Бирок Баткен, Лейлек жана Чоң-Алай өрөөндөрүндөгүдөй болуп интенсивдүү мүнозгө ээ эместигин белгилеп кетүү керек.

**Доцент А.Мырзакметов:** “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) (07.00.07 – этнография, этнология жана антропология) аттуу темадагы диссертациялык изилдөөсүндө “эндемикалык” деген сөздү килем токуу өнөрүнүн кыргыздардын өзүнө гана тиешелүү деген мааңде колдонупсуз. Бул менимче жаратылыштагы флора жана фаунага тиешелүү деп билемин. Карап көрүшүңүз керек экен. Андан тышкары колума тийген окумуштуу Эдвард Шефердин “Золотые персики Самарканда” деген китепти ачып карап, Кытай ханбийкесине Бухара ханы жана анын аялы килемдерди өз-өзүнчө жөнөткөнү жөнүндөгү маалыматты байкап калдым. Ошол жерин карап койсонуз, сиз аны экөө бир эле килемди жөнөткөн сыяктуу жазыптырсыз.

**Ч.Т. Сатыбалдиева:** Сунушуңузга чоң рахмат агай, карап коёмун!

**М.М.Ташалиева**: Урматтуу коллегалар сиздерге чоң рахмат! Анда сунуштарга өтсөк.

***Сунуштар:***

**Проф. Т.Ө. Омүрзакова:** Урматтуу коллегалар талкууга алынган тема боюнча айта турган болсок, эмгектин максаты жана милдети туура коюлган. Теориялык жана практикалык мааниси аныкталган. Негизделген жыйынтыктар жана сунуштар берилген. Библилографиялык базасы кенен, килем токуу өнөрү Ирандан башка постсоветтик өлкөлөрдө Туркменистанда,

Дагестанда, Азербейжанда, Арменияда килемдердин даярдалып токулганын белгилеген. Андан тышкары чыгыштын технологиясын колдонуп XIV-кылымда Европада да килемдердин токулаарын айткан. Эмгектин негизги мазмунунда салттуу килем токуу технологиясына терең анализ жасап, жүн жана андан жасалган жиптин түрлөрүнө, алардын боёкторуна жана килем токуу куралдарына кеңири токтолгон. Төртүнчү бапта кыргыздардын салттуу килемдериндеги кочоттордогү курчап турган айлана- чөйрөнүн чагылдырылышы, декоративдүү коздук болгон орнаменттердин семантикалык маанисине токтолгон. Андан ары кыргыздардын килем токуу менен коштолгон үрп-адаттары, салттары, жөрөлгөлөрү тууралуу өзүнүн изилдөөлөрүндө анализ жасаган. Изилдөөдө килемдеринин локалдык өзгочөлүктөрүнө карай классификациялаган. Менимче жогорку айтылгандарга таянып изилдөөчү Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистигине ылайык жазылган доктордук диссертациялык иши Жогорку аттестациялык комиссиясынын талабына жооп берет деп эсептейбиз. Диссертациялык ишти диссертациялык кенешке каттого, кабыл алууга жана коргоого сунуштайбыз!

**Проф. А.Дж. Жоошбекова:** Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) (07.00.07 – этнография, этнология жана антропология) аттуу темадагы илимий иши менен таанышып чыктым. Тема этнология, кыргыз этнология илиминде атайын изилдөө объектиси катары карала элек,актуалдуу тема. Килем токуу өнөрчүлүгү, кыргыз килеми – материалдык жана руханий мурас болуп саналат.

Азыркы ааламдашуунун шартында да кыргыз килеми токуу кол өнөрчүлүктүн түрүн изилдөө керек экендигин көрсөтүп турат.

Кыргызстандагы автор өзү барып изилдегшен килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн очокторунда салттуу кол өнөрчүлүктүн ыкмалары,куралдары,аны менен кесиптенген адамдардын болушу, алардын информатор катары көп пайдалуу маалыматтарды чогултуу, илимий айлампага жаңы маалыматтарды салттуу ыкмалардын жоголуп кеткенге чейин илимий изилдөөгө киргизүү мүмкүнчүлүгүн колдонуп ушул изилдөөнү жүргүзгөндүгү диссертанттын илимий вазийпасы, илимий эрдиги деп айтаар элем.

Килем токуу кандай машакаттуу убакытты, атайын даярдыкты талап кылса, аны изилдөө да изилдөөчүдөн майда деталдарга көңүл бурушу, эске

алууну, теориялык-практикалык жактан дабелгилүү бир даярдыкты талап кылаарын көрдүм. Изилдеп жаткан этнограф-окумуштууданда ыктуулук, чыгармачылык, сезимталдык талап кылынат. Иш жакшы, талаа материалдарына бай. Иштин структурасы логикалык ирээтте, теманын мазмунун ачып берет. Илимий иште кездешкен илимий терминдерди глоссарий менен берилишин сунуштайт элем. Мисалы: 1.Семиотикалык эволюция; 2.Эндемикалык; 3. Структуралык-семиотикалык; 4. Семантика; 5.Диахрондуу, синхрондуу изилдөө сыяктуу түшүнүктөрдү чечмелоө керек.

Диссертациянын баалуулугу – килем токуу кол өнөрчүлүгү отурукташкан элдерде эле эмес, көчмөн, жарым көчмөн элдерге да тиешелүү экендигин, кыргыз килеми башка элдердин кабыл алынбай, нукура өздөрүнө тиешелүү болуп көп убакыттын ичинде өнүгүп калыптанганын далилдегенинде. Ушул өңүттөн алып караганда кыргыз килем токуу кол өнөрчүлүгүндө кыргыздардын этникалык тарыхынын, башка элдер менен карым-катыш мамилелеринин тарыхын изилдөөдө кошумча маалымат булагы боло алат.

Бирок Диссертациянын айрым беттеринде стилистикалык мүчүлүштүктөр кездешет. Илимий иштин милдеттери жобо жана жыйынтыктар менен шайкеш кетүү керек. Диссертациянын көлөмүнө приложения кирбейт.

I-Бап. Иликтөөлөр эмес изилдөөлөр, эмгектер делсе. Революцияга чейинки историография абдан кызыгууну жаратты. Адистиктерде атайын салттуу килем токуу боюнча тандоо курсун (КПВ) түзсө да пайдалуу болот.
Ушул бөлүктө теориялык маселеге тиешелүү көп нерселер айтылып, кийинки теориялык бөлүктө да кайталанууда. Мисалы Пазырык көрүстөнүнүдөгү килемде аттын ээринин ордуна килемдин салынганы, килемде килемдин сүрөтү-килем токуу кол өнөрчүлүгү байыртадан болгондугун далилдеп турат эмеспи.

А.Е.Фёлкерзам, В.Г.Мошкова, Ф.В.Гогель - килем токуу кол өнөрчүлүгүн кыргыздардын өздөрүнө гана тиешелүү болгон жергиликтүү экенин айтышкан. Хотандан чыккан килемдерди этникалык кыргыздар токуган, мындан Хотан –Фергана-Андижан аймагындагы килем токуу кол өнөрчүлүгү окшош делинген.

Этнограф Э.И.Ларина, Эльмира Гюль, А.Е.Фёлкерзам кайдан, кесиптери жөнүндө маалымат кошулса жакшы болмок.

С.В.Иванов орнаменттер боюнча түркмөн, өзбек, казак, кракалпак, кавказ элдеринде этногенетикалык-этномаданий байланыштар бар экендигин айткан. Бул орнаменттер отурукташкан элдерге да тараганы кызыктуу.

К.И. Антипина Ош, Баткенден жалпы кол өнөрчүлүктү анын ичинде килем токуу кол өнөрчүлүгүн да 1960-жылы изилдесе, 70 жылдан кийин Чыныхан Топчубаевна изилдеп жатат. Андан бери кандай өзгөрүүлөр болду, кайсы техниклар жок болуп кетти, алар жөнүндө да маалыматтар киргизилдиби? Антипина кыргыз килемдерин элдик искусствонун предмети катары элдин этностук тарыхын, жашоосун, башка элдер менен мамилесин көрсөтүп, далилдей ала турган тарыхый булак катары караган.

Негизинен историографиялык бөлүктө революцияга чейинки изилдөөлөр жакшы берилген. Ага салыштырмалуу постсоветтик мезгилдеги изилдөөлөргө талдоо аз берилген.

Революцияга чейинки историографиянын өзүнчө искусство таануучулук колдонмого пайдаланса болот.

II-Бап. Теорияда историографиялык бөлүк жыйынтыкталгандай кайталоолор бар. Негизинен теориялык бөлүктө килем токуу кол өнөрчүлүк – көчмөн, жарым-көчмөн, отурукташкан цивилизацияларга таандык. Алардын ортосундагы жалпылык, айрымачылык, байланыштар, өзгөчөлүктөр боюнча болсо болмок.

III-Бап. Килем токуу кол өнөрчүлүгү кыргыздын жашоосунун ажырагыс бөлүгү:- килем токуу муундан-муунга өтүп келген;

-кыз балдар эмгекке тарбияланган, социалдашкан, кесипке жана турмушка даярдалган, аларга килем токуулуучу үй алар үчүн атайын шарт түзүлгөн жай катары болгон;

-килем токуу-жамааттык иш катары болгондуктан, тууган-урук, кошуналар бири – бири менен эмгек аркылуу, токуу процессиндеги ырым-жырымдардын натыйжасында биримдикке чакырып, интеграцияланган, тарбияланган.

-үй-жай үчүн керектүү буюмдар колдогу жүн сырьёсун кенен болушу менен шартталып, материалдык баалуулукка ээ болгон тиричилик буюмдарын жогорку деңгээлде жасалганы айтылган.

Бул баптагы түзүлгөн структура мазмунунда жакшы ачылган. Абдан кызыктуу жана информативдүү.

Кыргыздардын этникалык тарыхы, этногенези, этномаданий байланыштары-килем токуу кол өнөрчүлүгү килем токуу кол өнөрчүлүгү аркылуу кандай көрүнөт?

Килем токуу өнөрү-кыргыздардын өзүнө гана таандык экенинин далилдери, критерийлери жөнүндө негиз керек ушул бөлүмдө.

Метолологияда териялык жана эмпирикалык методдор жөнүндө айтылыптыр, бөлүп көрсөтүү зарыл.Ушул методдоду колдонуу эмнени берди?

Табигый эксперимент жөнүндө бар, лабороториялык эксперимент жөнүндө эчнерсе айтылбай калган. 73-бетте *килем согуу* деген сөздү жолуктурдум, түштүк аймактарда негизинен килемдер *согулат,* сөздүктөн түшүндүрмө керек.

IV-Бап.§4.2 Килемдеги декоративдик үлгүлөр. Килемге салынган үч бурчтук, төрт бурчтук геометриялык фигуралардын семантикасы коло доорундагы Ош турак жайындагы карапа идиштериндеги геометриялык фигураларынын түшүдүрмөсү менен салыштырууга, параллельдерди жүргүзүүгө болот. IV-баптагы Умай эне көчөтү сакралдык мааниге ээ. Кыздын себине берилген мыкты буюм, анын бетине да ушул орнамент түшүрүлгөн. Килемге түшүрүлгөн эн тамгалар-кыргыз килеми кыргыздын өзүнүкү экендигин аныктайт.

V-Бап. Килемге байланышкан ырым-жырымдар килем токуу процессине жүрүмүнө карай ырааттуу берилген.

§5.3. Килем буюмдарынын салттуу түрлөрү IV-бапка кетиш керек эле.

Корутунду. Милдеттерге шайкеш ыраатуулукта берилиши шарт. Практикалык сунуштар кайра каралып чыгышы керек.

Жыйынтыктап айтканда Ч.Т.Сатыбалдиева тарабынан жазылган диссертациялык иш ЖАКтын талаптарына жооп берет, ошондуктан аны ачык коргоого сунуштайм.

**Проф. А.Р.Бикбулатова: "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (**XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)**.** 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология боюнча.

Урматтуу коллегалар!

Тема 2009-жылы бекилген, бул жылдар аралыгында көп эмгек жасалды. Этнографиялык экспедицияларга чогуу чыгып, талаа материалдарын чогултту. Муну айтып жатканымдын себеби, КР НАКтын талабы боюнча, (первичный), же алгачкы талаа материалдарынын экспертизасы, мына ушул кафедранын отурумунда каралышы керек жана мындан ары бул маселеге кафедра жооптуу болот. Бул маселеде, менимче диссертантка суроо жок. Анын көп жылдар бою эмгектенип, талаа материалдарын топтоп, экспедицияларга чыгып жүргөндүгү күмөн эмес.

Титулдук бет:

1.Билим беруу министрлиги жазылбайт;

2.ОшМУ эмес, Б. Садыков атындагы К-ӨУ университети жазылыш керек;

3.ДС кереги жок, ал авторефератка жазылат;

Структурасы: Колдойм, логикалык жактан туура түзүлгөн. НАКтын талабына ылайык келет.

Киришүү: Көлөмү 6 бет болушу шарт, диссертацияда 3-13 - бетке чейин жазылган, кыскартуу керек.

Актуалдуулугу: Күчөтүү зарыл, мисалы Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2022-жылдын 30-августунда кабыл алынган № 303 указына ылайык 2022-жылдан тарта 2027-жылдардын аралыгында улуттук нарк-насилдерин сактоо жана өнүктүрүү программасы ишке ашырылып жатат, ошону колдонуу керек деп ойлойм.

Диссертациялык иштин негизги максаты: Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн кыргыз маданиятында алган ордун көрсөтүү эмес, “Кыргыз элинин салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн комплекстуу изилдөө” - деп койсо болот туура болот деген ойдомун.

Максатка ылайык төмөнкүдө й милдеттер коюлду: 1,2,3,4...Канча параграф болсо ошончо милдет болот. Коргоого алынып чыгуучу жоболорду дагы бир аз карап ирилештирип чыгуу керек.

9-бет: Кыргыздар боёктордун ичинен кебунче кызыл жана жашыл түстөрдү жактырышкан деп жазылган анын ордуна “Кыргыздар боёктордун ичинен көбүнчө кызыл жана жашыл түстөргө көбүрөөк басым жасаган”- деп жазылса туура болмок.

Методология: §2.1.Килем токуу кол өнөрчүлүгүнүн изилдөөнүн теориялык негиздери жана §2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары, бул бөлүк мага жакты, автор кодонулган методдордун кайсы маселени чечүүдү колдонулгандыгын көрсөтүүгө аракет кылган.

Булактар: §2.3. Килем токуу кол өнрчүлүгүн изилдөө булактары стационардык изилдөө жүргүзүлгөн айылдардын мүнөздөмөсү бирдей берилиши керек, биринде сиз калктын санын, аял эркектердин санын, кээде айдоо аянттарына чейин берип жатасыз. Кээ бир айылдарда кайсы уруулар жашаарын эскересиз, кээ биринде андай мааалымат жок. Критерийлер бирдей болушу керек. Мисалы: 1)этникалык курамы, 2) чарбасынын түрү, 3)географиялык жайгашышы.

89-б. Кыргызстандын аймагындагы үч облусунун айылдарында стационардык изилдөөлөрдө, алардын килем токуу кол өнөрү боюнча маалыматтар жыйналды деп жазып жатасыз, ал эми бул параграфтын башында сиз Баткен жана Ош областарын гана айтып жатасыз го. Учүнчү кайсы областы соз кылып жатасыз?

Жазма булактарда-Орто кылымга тиешелуу эмгектерде килем жөнүндө маалыматтар болсо керек. Мисалы: М. Кашгаринин эмгегин карап көрүүнү сунуштайт элем.

Корутунду боюнча, коюлган милдеттерге жараша, корутунду ар бир параграфтан чыгарылышы керек. Диссертациядагы сунуштур, (256-б.) кайра карап чыгуу керек, корутунду сыяктуу берилип калган. Бирок жогоруда корсөтүлгөн мүчүлүштүктөр бул диссертациянын жалпы илимий баалуулугун түшүрө албайт, иш жакшы илимий деңгээлде жазылган. Озүнүздөр баамдагандай, кемчиликтер көбүнчө техникалык мааниге ээ. Аларды карап чыгып, тез аранын ичинде оңдоп чыкса болот. Негизинен Ч.Т.Сатыбалдиеванын илимий ишин коргоого сунуштайм!

**Проф. Б.А.Нурунбетов:** Жогорудагы көптөгөн тема боюнча сунуштарды угуп, андан тышкары илимий ишти окуп чыгып Чыныхан Топчубаевнанын изилдеп жаткан темасы өзгөчө тема экенине ынандым жана кызыгуу менен окуп чыктым. Бул тема илимий айлампадагы кызыктуу жана али толугу менен изилденип чыга элек тема эле. Диссертантка чейин азыноолак изилдөөлор болуптур, бирок терең изилдөө алгачкы жолу жүргүзүлүптүр. Бул тема бир тарабынан карасан кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнүн жана маданиятынын тарыхы, экинчи жагынан этникалык тарыхты изилдөөдөгү эң сонун кошумча маалымат алуучу булактык мааниси терең экендиги байкалат. Ал эми кээ бир сунуштарды кабыл алып, автор катары жакшы жыйынтык алат деп ойлойм. Илимий чөйрөдө кыргыздын килеми жөнүндө бул маселеге терең сүңгүп киришкениң жакшы жөрөлгө деп ойлоймун. Кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгүн нукура өздөрү гана токуган, башка кошуна элдерден алынбаган деген теориялар кызуу талкууларды жаратып келет. Айрыкча кыргыздардын килем токуудагынарк-насил, үрп-адаттар, каада-салттар менен коштолгону жөнүндөгү маалыматтарга кеңири токтолгонун кызыгууну жаратат. Андан тышкары кээ бир илимий терминдердин кыргыз тилине которулушу да жакшы жөрөлгө экен. Мисалыга “процесс” деген сөздү кыргызча “жүрүм” деп жазылганын окудум. Диссертациялык иштин структурасы жакшы түзүлгөн, теманын актуалдуулунда сөз жок. Бирок илимий иштин айрым бөлүктөрүндө стилистикалык, орфографиялык каталар орун алыптыр, ал ондоло турган иштер. Негизинен илимий иш жакшы жазылган, мен колдойм жана ачык коргоого сунуштаймын.

**Доц. Ж.А.Адилбаев:** Буйруса бул абдан чоң эмгек жасалыптыр, буйруса бул иш жакталат. Кыргыздардын килем токуу кол өнөрчүлүгү диалектикалык тил менен жазылып калыптыр деген сөздү токтотуу керек, илимий иште Кыргызстандын түштүк аймактарынын диалектикалык сөздөрдүн арбын болушу да диссертанттын ишинин баалуулугун арттырат деп ойлоймун. Бул илимий ишти аткарууда эмгек чоң болуп, топтолгон талаа материалдар абдан көп болгондугу көрүнүп турат. Урматтуу окумуштуулар

чынында кандай гана илимий иш жазылбасын анын негизин теориялык жана методологиялык-теориялык фундаменти болот. Диссертацияда методологиялык жана теориялык багыттагы параграфы бар. Ошондуктан методологиянын өзүн түшүнүп албайлыбы? Ар кандай коомдун тарыхын изилдөө үчүн методологиялык, азыркы коомдогу цивилизациялык методологиянын принциптерин колдонууну сунушталып жатат. Методология деген сөз негизинен изилдөөнүн стратегияны түшүндүрөт. Дагы бир нерсе айтуу керек, талаа материалдары деп берипсиз. Ушул сөздү башкача интерпретацияласак болобу? Муну да ойлонуп көрүү зарыл. Бирок негизинен иштин аткаруу денгээли мыкты, сизге ак жол каалаймын жана ачык коргоого сунуштаймын.

**Проф. Балтабаева А.Т.** Ч.Т. Сатыбалдиева кыргыздардын салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүн изилдөөдө Кыргызстандын түштүк-батыш аймактарында талаа-экспедициясынын натыйжасында бир топ баалуу материалдарды чогулта алган. Мында кыргыздардагы салттуу килем жана килем буюмдарынын пайда болуу тарыхын изилдеп, анын эндемикалык кол өнөрчүлүгү экендиги далилдөөгө аракет кылган. Кыргыздардын өзүнө таандык өзгөчөлөнгөн, башка этностордон айрымаланган салттуу килемди токушкан жана турмуш тиричилигинде пайдаланган.

Изилдөө учурунда эмпирикалык жана теориялык изилдоө ыкмаларына кенен токтолгон. Мунун натыйжасында салттуу килемдин негизи болгон койдун, эчкинин, төөнүн жүндөрүнүн даярдалышы, жүн сырьесунан жиптердин ийрилиши жана алардын табигый жаратылыш боёкторунун жардамы менен боёлушу жана алардын килемге ылайыктоо өзгочөлүкторү иликтенген.

Айрыкча ушул күнгө чейин изилденбей келген салттуу килем токуу кол өнөрчүлүгүндөгү колдонулган куралдары болгон ийиктин, токмоктун, сабоолордун түрлөрү жана жасоо ыкмалары көрсөтүлгөн. Андан тышкары кыз балдарды килем токуучулук аркылуу эмгекке тарбиялоонун жана үйрөтүүнүн элдик өзгөчөлүктөрүн изилдегени алкоого татырлык. Бирок диссертантка илимий иштин практикалык сунуштарын дагы да күчөтүүсүн каалар элем. Терминдердин түшүндүрмөсүн глоссарий катары берип, тиркемелердеги аннотацияларды дагы да тактап койсо болот. Бул илимий ишти жыйынтыкталган иш деп эсептеймин жана ачык коргоого сунуштаймын!

**Доц. Н. К.Маразыков:** Чыныхан Топчубаевнанын жазган илимий диссертациясы менен таанышып чыктым. Иш жакшы децгээлде жазылганы жана көп эмгекти талап кылганы көрүнүп турат. Менде бир эки сунуш бар эле, мисалы жаныбарлардын ичинен бугу жаныбары кыргыздардын тотеми

катары карасак Пазырык килеминдеги орнаменттер кыргыздардын орнаменттерине салыштырып коюу керек. Кочкор мүйүзүн, сууну, жаныбарларды туюдурган орнаменти үйдүн түркүктөрүнө да түшүрүлөт. Чыныхан Топчубаевнага ийгилик каалаймын жана ачык коргоого сунуштаймын!

**Доц.С.А.Арстанов:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар! Доцент Ч.Т.Сатыбалдиеванын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү" (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) деген темада 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасына пикирибиз төмөнкүчө: Кыргыздардын XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башындагы салттуу килем токуусуна арналган диссертация Кыргызстандын этникалык салттарын жана маданий мурастарын түшүнүүгө маанилүү салым болуп саналат. Автор килем токуу жөнүндө болгон билимдерди гана жалпылабастан, анын социалдык-маданий контекстине жана кыргыз эли үчүн маанисине басым жасаган. Диссертациянын күчтүү аспектилеринин бири тарыхый жана этнографиялык булактарды терең талдоо болуп саналат, бул диссертантка кыргыздардын килем токуу салттарынын көп кырдуу жагын аныктоого мүмкүндүк берет. Темага байланыштуу талаа материалдарды изилдөө килемдердин жана алардын түрлөрүнүн жаралуу процессин сүрөттөп гана тим болбостон, алардын кыргыз элинин маданий турмушундагы ролун да түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Ошондой эле автордун маалыматтарды чогултуу, аны талдоо жана классификациялоо жөндөмүн белгилей кетүү керек жана диссертация жатык, түшүнүктүү жазылган. Болүмдөрдүн ортосундагы так структура жана логикалык байланыштар окурманга диссертанттын илимий жүйөсүн ээрчип, изилдөөнүн маңызын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Бирок, диссертацияда XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында кыргыздарда килем токуунун өнүгүшүнө тышкы факторлордун таасирин да талдоого көбүрөөк көңүл бурса болот. Мисалы, ошол кездеги социалдык - экономикалык процесстер, саясий өзгөрүүлөр жана башка элдер менен маданий алмашуу ж.б. Бул изилдөөгө кошумча тереңдик берип, анын теориялык жана практикалык потенциалын кеңейтиши мүмкүн.

Жалпысынан алганда, докторлук диссертация Кыргызстандын этнографиясын жана маданий мурасын изилдөөгө баалуу салым болуп саналат. Анын натыйжалары илимий коомчулук үчүн да, кыргыз элинин маданий салттарын сактоо жана жайылтуу үчүн да пайдалуу болот деген

ойдомун. Илимий диссертацияны ачык коргоого сунуштайм жана диссертантка ийгилик каалайм!

**М.М.Ташалиева:** Сунуштар айтылып бүттү,сунушунуздар үчүн чоң рахмат! Эми сөз изилдөөчүнүн илимий консультанты Асанканов Абылабек Асанкановичке берилет.

**Академик А.А.Асанканов:** Урматтуу коллегалар! Сиздердин баарыңыздарга терец ыраазычылык билдирем, өзүңүздөрдүн убактыңыздарды аябай окуп, иштин мазмуну боюнча сиздерди ойлондурган баалуу болгон ой-пикирлериңизди, сын-пикирлериңиздерди жана сунуштарды айттыцыздар. Мунун баары Чыныхан Топчубаевнанын диссертаңиялык ишин андан ары түзөтүп, оңдоого багыт берет. Бирок ошого карабай жасалган илимий иш алкоого аларлык деп айта аламын.Килемдин пайда болуу башатына барып Пазырык килеминен тарта, Кыргызстандын түштүгүндөгү салттуу килемдеринин токуу ыкмаларына, курал-жарагына эле көңүл бурулбастан, андан ары этносоциалдык багыттагы ордун да тереӊ изилдеген. Кыргыздардын килем токуу мейкиндиги жана убактысынын оптималдуу тандалышы да килемдердин мыкты сапатка ээ болоорун аныктаган. Айрыкча килем согулган кыргыздын үйү жөн эле килем буюмун токула турган жер эмес, ал жер элдик билимдин, тарбиянын, маалымат жаңылыктардын микро ордосу катары каралган. Килем токуу менен алектенүү аркылуу кыргыз кыздарын турмушка жана коомдук жашоого даярдоо жүрүмү башталат. Андан тышкары кыргыздар токуган килем жана килем буюмдарын жергиликтүү экендигин далилдеп жатат, бул да болсо колдоого татырлык маселе жана изилдөөчү тарабынан эрдик деп ойлоймун. Иш менен таанышып ез пикирлерициздерди билдиргениңиздерге рахмат!

**М.М.Ташалиева**: Рахмат А.Асанканович! Ишиниздерге ийгилик каалоо менен бирге жыйынтыктоого уруксат бериниздер. Бизде тажрыйбалуу доцент Сатыбалдиева Чыныкан Топчубаевнанын Кыргыздардын салттуу килем токуучулук онору (XIXкыл аягы. XX башы)аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденүү үчүн жазылган диссертациясына сунуш пикирлерди айттыныздар. Жогоруда айтылган сунуштарды колдоо жана айрым усулдук жетишкендиктерди эске алуу менен диссертация боюнча бир канча сунуштар жана каалоолорум бар:

1. Публикациялоо бөлүгүндө РИНЦ системасына кирген кайсы илимий журналдарда макалалар басылып чыккандыгы так көрсөтүлүшү керек.
2. Жумуштун кээ бир беттериндеги шилтемелерге толуктоолор киргизүү.
3. Диссертациялык жумуштун текстинде стилистикалык каталыктар кездешет.

Диссертант илимий иштеги кемчиликтердин бардыгын талаптарга жооп бере турган децгээлде жоёт деген ойдомун. Жалпылап айтканда иш жакшы деңгээлде аткарылган жана диссертациялык иштин бардык квалификациялык белгилерине ээ. Ошондой эле менден мурда сөзгө чыккан кесиптештеримдин сунуштарына кошулуп, диссертациялык ишти коргоого сунуштайм.

Урматтуу кесиптештер, диссертацияны окуп чыккан окумуштуулардын баары өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлердин жыйынтыгы - диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо болду. Ачык добушка койгондо талкууга катышкандардын баары бир добуштан диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоого “макул” болушту. “Каршы” - жок. “Калыс” - жок.

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетинин Тарых жана филология факультетинин “Тарых жана философия” кафедрасынын 2024-жылдын 26-мартында откөрүлгөн (протокол №-) кеңейтилген жыйынынын Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнаны Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы) (07.00.07 – этнография, этнология жана антропология) аталышындагы доктордук диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап төмөнкү корутундуну чыгарды:

## КОРУТУНДУ

Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кыл. аягы. - XX к. башы)” аталышындагы диссертациялык ишинде салттуу килем кол өнөрчүлүктүн өнүгүү тенденциясын дээрлик бардык багыттары боюнча алгылыктуу изилдөө иштери алып барылды. Салттуу ыкмалар менен токулган (согулган) килемге түшүрүлгөн көчөттөрүнүн, оймо чиймелеринин тарыхын комплекстүү изилдөө жана анын семантикасынын эволюциясын ачып берүү бүгүнкү күндүн талабы.. Чөлкөмдөгү, анын ичинде кыргыздардын килем токуучулук өнөрүндөгү салттуу оймолордун изилдениши актуалдуу маселе болуп турат жана аларды изилдөө менен элибиздин байыркы мезгилден ушул күнгө чейинки этногенетикалык жана этномаданий тарыхын изилдей алабыз.

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетинин Тарых жана филология факультетинин “Тарых жана философия” кафедрасынын 2024-жылдын 26-мартында өткөрүлгөн (протокол №-8) кецейтилген жыйыны доцент Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын “Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. – XX к. башы) аталышындагы

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык Университетинин Тарых-филология факультетинин "Тарых жана философия" кафедрасынын 2024-жылдын 26-мартында өткөрүлгөн (протокол №-8) кеңейтилген жыйыны доцент Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX к. аягы. - XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациясынын кол жазмасын талкуулап төмөндөгүдөй

**ТОКТОМ КАБЫЛ АЛАТ:**

1. Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын "Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кыл. аягы. - XX к. башы)" аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07-этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча талаптанып жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу ЖАКнын талаптарына жооп берет.

2. Сатыбалдиева Чыныхан Топчубаевнанын"Кыргыздардын салттуу килем токуучулук өнөрү (XIX кыл. аягы. - XX к. башы) аталышындагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн, 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча жазылган диссертациясы КРдин УИАнын Б. Жамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы КУУнун алдында түзүлгөн Д.07.23.674 Диссертациялык кеңешине ачык коргоого сунушталат.

**Жыйындын төрайымы,**
**т.и.к., ага окутуучу.:** **М.М.Ташалиева**

**Катчы, ф.и.к., м.а. доцент.:** **Ш.Б.Ташкулова**

**Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнин кадрлар бөлүмүнүн башчысы:** **М.Ш. Егембердиев**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

ЗАВЕРЯЮ
27.03.2024

**Дареги: 715320, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Г.Айтиев 27**